## IX класстын алгебрадан жазуу иштери жана баалоо боюнча нускама – усулдук кат

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 1-апрелиндеги №389/1 буйругуна ылайык **IX** класс үчүн алгебра предмети боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы комплекстүү тест формасында өткөрүлөт.

**Бул каттын максаты -** алгебрадан комплекстүү тестти аткаруу боюнча методикалык көрсөтмө берүү жана аны баалоонун критерийлерин сунуштоо.

Бул катта иштерди аткаруу спецификасы жана алгебра боюнча комплекстүү тесттердин үлгүсү берилген.

Алгебра предмети боюнча берилген тапшырма окуу программасынын деңгээлинин татаалдыгына ылайык 2 вариантта түзүлгөн. Сынакка 4 астрономиялык саат берилет.

**IX класска алгебра предмети боюнча комплекстүү тест үч бөлүктөн, жалпы 25 тест тапшырмаларынан турат.**

**Биринчи бөлүк** темага ылайыктуу топтолгон, 1 туура жоопту өзүнө камтыган 20 тест тапшырмадан (№1–№20) турат. Бул тапшырмалар теориялык материалдарды, түшүнүктөрдү жана ыкмаларды өздөштүрүү деңгээлин аныктоого багытталган.

Ар бир суроого 4 вариантта жооп берилип, алардын ичинен бирөө туура жооп болуп эсептелет. Ар бир туура жооп 1 балл, ката 0 балл берилет.
Бул бөлүктө жогорку балл – 20 балл.

**Экинчи бөлүк** кыска жоопту талап кылган 2 тест тапшырмаларынан **(№2.1, №2.2)** турат. Тапшырмалар математика боюнча билимди, базалык жана иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн аныктоого багытталган.

Берилген тапшырмаларда кыска жоопту дептердеги атайын көрсөтүлгөн орунга сол жактан оң жакты көздөй жайгаштыруу талап кылынат. Жообун жазууда эсептөө жүргүзүү керек. Жообу – 0 дөн 9999 га чейинки оң сандар болот. Бир чакмакка бир гана сан жазылат. Эгерде жообу бөлчөк сан чыкса, анда бүтүн санга чейин тегеректөө керек.

Берилген тапшырмалардын (2.1; 2.2) туура жоопторунун ар бири 2 балл менен бааланат.
- Туура жоопко 2 балл;
- жарым жартылай туура жоопко 1 балл;
- ката жоопко 0 балл.

Бул бөлүктүн жогорку баллы – 4 балл.

**Үчүнчү бөлүк** толук жоопту талап кылган үч тест тапшырмаларынан турат. **(№3.1, №3.2, №3.3.)** Толук чыгарылышын жазууну талап кылган тапшырмалар функционалдуу сабаттуулуктун деңгээлин билүүгө багытталып, берилген жооптун негизделишин жана түшүндүрмөсүн дептердин атайын көрсөтүлгөн жерине жазылуусун талап кылат. Ар бир тапшырманын аткарылышы ireттүү жана толук болушу зарыл. Эсепти чыгарууда толук жообун айкын жана так жазуу керек. Тапшырманы аткаруу үчүн черновик колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет. Анда аткарылган иштер баалоодо каралбайт.

Тапшырманы аткарууга коюлган баллдын саны жооптун туура чыгарылганына жана толук чыгарылышына байланыштуу болот.

Толук жооп берилген тапшырманын аткарылышына жалпы талап коюлат: эсепти толук чыгаруу, бардык чыгаруу ыкмалары каралып, математикалык жактан сабаттуу болуусу керек. Эсепти чыгаруу ыкмасы, аны жазуу жана жоопту жазуу формалары ар түрдүү болуусу мүмкүн. Негизделген, туура берилген жоопко жогорку балл берилет.

- 3.1. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 5 балл
- 3.2. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 6 балл
- 3.3. тест тапшырмасынын жогорку баллы – 5 балл

Бул бөлүктүн жогорку баллы – 16 балл болуп саналат.

***Эскертүү:***

*Эгерде эсепти чыгарууда жообу ката болуп, 1 баллга да татыбаса, 0 балл коюлат.*

9 – класста алгебра боюнча сынак ишин текшерүүнү комиссиянын төрагасы (ПК) баалоо критерийине ылайык жүргүзөт. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгынын баллдык системасы баага которулат.

**Алгебра предмети боюнча комплекстүү тестти аткарууда жалпы сандык баллдарды аныктоо**

| **Бөлүк** | **Тапшырмалар** | **Баалоо** | **Максималдуу балл** |
|---|---|---|---|
| **Биринчи бөлүк** | № 1 – № 20 | 1 балл | **20 балл** |
| **Экинчи бөлүк** | № 2.1, № 2.2 | 2 балл | **4 балл** |
| **Үчүнчү бөлүк** | № 3.1, № 3.3 | 5 балл | **16 балл** |
| | № 3.2 | 6 балл | |
| | | **Бардыгы:** | **40 балл** |

## Баллдарды баага айландыруу шкаласы

| Балл | Баа |
|---|---|
| 32-40 | 5 |
| 26-31 | 4 |
| 20-25 | 3 |
| 0-19 | 2 |